УДК: 316.612:111.852:78
DOI: 10.35254/bsu/2023.66.16

***Мурзабаева Б.***
*Ош Мамлекеттик педагогикалык университети*

# МУЗЫКА АРКЫЛУУ БАЛАНЫ ЭСТЕТИКАЛЫК ЖАКТАН ТУУРА КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ШАРТТАРЫ

**Кыскача мазмуну**

Бул макалада балдарды музыка аркылуу баланын акыл, адеп, ыймандуулук сапаттарын калыптандыруу маселелери талкууланат. Баланын акылы, адеби, ыймандык ж.б. сапаттарынын өнүгүшүндө музыкалык билим тарбиянын орду каралат. Музыкалык тарбия берүүнүн туура, так уюшулушу бул сапаттардын балдарда эрте калыптанышынын шарты болуп эсептелет. Балдарда эстетика, этикалык табиттин пайда болушунда да музыканын ролу чоң. Музыканын балдарга тийгизген таасири жана аларды музыкалык жактан өнүктүрүү жөнүндө ой-пикирлер сунушталат. Толук эстетикалык тарбиясы бар адам гана өз тилин, диалектисин билет, сактайт, коргойт, анын маданиятын, тарыхын тааныйт, бул элдин өкүлдөрүн урматтап, маданий баалуулуктарын сыйлайт. Өзүнүн кылыгы менен башкалардын тынчын алып, жагымсыз кырдаалды жаратпоого аракет кылат.

**Түйүндүү сөздөр:** эстетикалык тарбия, музыка, өнүгүү, билим, образ, этика, каражат, балдар, этикалык табит, таасир.

***Мурзабаева Б.***
*Ошский государственный педагогический университет*

# УСЛОВИЯ ЭСТЕТИЧЕСКИ ПРАВИЛЬНОГО ФОРМИРОВАНИЯ РЕБЕНКА ЧЕРЕЗ МУЗЫКУ

**Аннотация**

В этой статье рассматривается проблема формирования сознания ребенка через музыку, обсуждаются вопросы формирования нравственных и моральных качеств. Ум ребенка, манеры, поведение и т. д. Рассмотрена роль музыкального образования в развитии эстетического вкуса у ребенка. Правильная и четкая организация музыкального воспитания считается условием раннего формирования этих качеств у детей. Музыка играет большую роль в формировании эстетики и этического вкуса у детей. Предлагаются мнения о влиянии музыки на детей и их музыкальное развитие. Только человек, имеющий полноценное эстетическое воспитание, знает, сохраняет и защищает свой язык и диалект, познает его культуру и историю, уважает представителей этого народа и уважает их культурные ценности. Он старается не создавать неприятную ситуацию, мешая своими действиями окружающим.

**Ключевые слова:** эстетическое воспитание, музыка, развитие, воспитание, образ, этика, средства, дети, этический вкус, влияние.

***Murzabaeva B.***
*Osh State Pedagogical University*

# CONDITIONS FOR AESTHETICALLY CORRECT FORMATION OF A CHILD THROUGH MUSIC

**Abstract**

In this article, the child's mind through music, the issues of formation of moral and faithful qualities are discussed. Child's mind, manners, faith, etc. The role of musical education in the development of qualities is considered. Correct and accurate organization of musical education is considered a condition for early formation of these qualities in children. Music plays a big role in the formation of aesthetics and ethical taste in children. Only a person who has a full-fledged aesthetic education knows, preserves and protects his language and dialect, gets to know its culture and history, respects the representatives of this people and respects their cultural values.

**Keywords**: aesthetic education, music, development, education, image, ethics, means, children, ethical taste, influence.

Баланын инсандык сапаттарынын калыптанышынын шарты анын акылы, денесинин, адебинин, ыйманынын жалпы айкашы аркылуу жүрөрү маалым. Музыкалык билим, тарбиянын туура уюштурушу бул нерсеге себеп болот. Эстетикалык жактан туура тарбиялоо аркылуу балдар сулуулукту сезип, түшүнүшүп, жаман-жакшыны айырмалашып, искусствонун тармактарын өздөштүрүшүп, өз алдынчалыкка, жоопкерчиликке, аяр мамиле түзүүгө үйрөнүшөт.Балада эстетикалык табиттин калыптанышына музыкалык тарбия эн негизги каражат болуп саналаары белгилүү. [5]

Эстетикалык тарбиялоонун өтө айкын каражаты - бул музыка. Окуучулардын музыкалык билимин өнүктүрүү аркылуу гана жогорудагы максатка жете алабыз. Ал эми музыкалуулуктун белгилери: бала кайсы чыгарма болбосун анын маани-маңызын сезип, кошо ыргакта жүрө алат, эмоционалдык мамиле түзө алат жана музыкалык берилчү түшүнүктү терең ой жүгүртүү менен талдай алат. [1]. Музыкалык таасир балдарды толкундануугa, ой жүгүртүүсүнүн тереңдешине, жоопкерчилик реакциясынын пайда болушуна, жашоону сүйүп жашоого үйрөтөт.Андан башка ар түрдүү ыргактар баланы кубандырып, дем берип, боорукерликке тарбиялайт. Музыка адам баласынын жашоосунун эң негизги бөлүгү болуп саналат. Бала жарык дүйнөгө келери менен музыка менен байланышта чоңоет.Эненин алдей ыры аркылуу бала тынчтанат, үндөрдү ажыратат, эне менен эмоционалдык жакындык түзөт.Тай-тай ырлары, бешик ырлары, санат ырлары турмушта балдарга эрте балалык куракта жүргүзүлөт.Ар бир куракка өткөн сайын бала музыкалык жактан бир тепкич көтөрүлүп, өнүгө баштайт.Албетте, бул жерде улуу муундардын түзгөн шарттары зор мааниге ээ. Эстетикалык табити жогору бала эч качан коомго зыян келтирбейт, бирөөнү кемсинтпейт, өзүнө туура баа берип, кылган ишине жооп бере алат, өз көз карашы бар инсан болот. Тил менен жеткизе албаган таасирлерди музыка балдарга оңой, жеткиликтүү түшүндүрө алышы мүмкүн. Оюн, бий, ыр, хор аркылуу балдар эгоист сезимдерден арыла алышат. Балдардын жөндөмү, шыктануусу да музыкалык өнүгүүсүнө байланыштуу өнүгөт. Балдардын музыкалык инструменттерди өздөштүрүүсү чыдамкайлыкты, ыкластуулукту, туруктуулукту, ой-жүгүртүүнү, реакциянын тездигин, тартипти талап кы-

лары анык.Булардын баардыгы балдарда токтоолукту, эрктүүлүктү, күчтүүлүктү пайда кылат. Демек, музыкалык тарбия балдарда маданияттуулуктун негиздерин, адептик сапаттарды орнотот.

Мектептеги музыкалык жактан тарбиялоо, окутуу процессинин маданияты ошол мектептин духунда канчалык денгээлде музыкалык өнүгүүнүн ченеми бардыгына байланыштуу байкалат.Гимнастика денени кандай түздөсө, музыка да адамдын жан дүйнөсүн ошондой эле түзөйт.Музыка- ойдун кубаттуу булагы б.с. Музыкасыз тарбия берүү балдарда акыл, сезим, адеп, боорукердик жактан өнүгүшүнүн булагы боло албайт. [3]

Музыканы кабыл алуу аркылуу балдардын эске тутуусу, байкоосу, ой-жүгүртүүсү акыл процесстери да кошо өнүгөт. Искусствонун башка түрлөрү сыяктуу эле «…музыка да маалыматчылык мааниге ээ. Анда жеткинчектерди жаңы элестетүүлөргө байыткан жашоо кубулуштары чагылдырылган» Мисалы, М. А. Бегалиевдин “Кыргызстаным” деген ыры аркылуу балдар ырдын салтанаттуу демин, Мекенин данктаган кубанычты сезип, патриоттуулукка тарбияланышат.Балада музыка аркылуу эстетикалык табитин өнүктүрүүдө чыгармачылык менен ишмердүүлүк жүргүзгөн музыкалык адистердин орду өтө чоң, анткени алар баланын кабыл алуусун жана элестетүүсүн активдештирип, фантазиясын өстүрүп, андан ары талантынын өнүгүшүнө жол ачат. Демек, мугалим балага чыгармачылык тапшырма берүү менен балада акыл-эсти талап кылган изденүүнү пайда кылат. Мисалы, ырдоо учурунда бала өз ичинен обон жаратуу менен адабий чыгармага жараша ыр интонациясын таап чыгууга аракет кылып, изденет. Демек, музыкалык-ыргактык иш-аракетте балдар ар түрдүү ырга жараша бий кыймылдарын ойлоп чыгарышып, жекече ырдашып, ыргакка карап кыймыл-аракет жасашат.Ал эми бийлер, пантомимика, музыкалык-драмалык оюндар балдарды кыймыл, мимика, кеп аркылуу турмушту сүрөттөп, чыгармадагы оң, терс каармандын образын таануусун белгилейт.Ошентип, балдар музыканы угушуп, темасын тушүнүшүп, образдарды бөлүштүрүп, анан чыгармачылык менен ойношот. Музыка аркылуу балдар фантазияга, чыгармачылыкка багыттаган шыктанууга ээ болушат. [1, с. 50]

Эстетикалык тарбиялоо – көркөм өнөр чыгармалары менен жаратылыштагы, жашоодогу сулуулукту сезип, туйуп, кабылдап, түшүнүп, адамдын үлгү идеалдарын, табитин кайсы бир максатка ылайык калыптандыруу боюнча жүргүзүлүүчү тарбиялоо иштери саналат. Байыркы Грецияда эстетикалык тарбиянын эң күчтүү булагы деп музыканы атаган. Аристотель да бул ойго кошулуп, ага адабият менен театрды да кошууну сунуш кылган. Тарыхта эстетикалык тарбиянын өнүгүшү жөнүндө ар түрдүү түшүнүктөр жаралган. Демек, эстетикалык тарбия өзү менен кошо ыйман-адептик, укуктук, патриоттук, саясий, экологиялык, эл аралык бирикмелик, көркөмдүк, эмгектик тарбиялоонун турлөрү менен бирдикте өнүгөт. Жаратылышка аяр мамиле кылуу, сулуулукту баалоо, сактоо, урматтоо, руханий бийиктик эстетикалык табити жогору инсанга гана тиешелүү сапаттар болуп эсептелет. Эстетикалык тарбия билим берүү системасынын бардык тармактарда үзгүлтүксүз жүргүзүлүүгө тийиш.Ошондо гана көркөм адабият, сүрөт, музыка, кол өнөрчүлүк сыяктуу эстетикалык циклдеги сабактар менен класстан тышкаркы иштер, туристтик-экскурсиялык жүрүштөр, концерттер, спектаклдер, ийримдер, ата-эне, коомчулук, бүт айлана-чөйрө балага оң таасир эткенде гана эстетикалык тарбиялоо өз үзүрүн көрсөтөт. Эстетикалык тарбияга ээ адам ыймандуу, маданияттуу, билимдүү болот, алар ааламдын коолдугун өнүктүрүүгө үлүшүн тийгизип, чөйрөгө оң таасирин тийгизет. Эстетикалык маданиятты калыптандыруунун бирден

бир каражаты катары көркөм өнөр, сүрөт, музыка, адабият менен театр, музыкалык обондор,музыкалык аспаптар эсептелет. Эстетикалык тарбияны бүткүл коомдук милдети, инсанды жетилдирүүнүн, анын граждандык жана адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу үчүн К. Д. Ушинский эстетикалык билим берүүдө эстетикалык тарбия берүү принциптерин сунуш кылган. Мугалимдердин жана ата-энелердин башкы милдети – окуучуларды кичинесинен эле тышкы чөйрөдөгү, жаратылыштагы, кооздуктарды көрө, туйа билип, кабыл алууга үйрөтүү болуп саналат. Кооздукту кабыл алуу, көрө билүү, туйуу да эстетикалык тарбиялоонун башкы өзөгү, ансыз адам сулуулукту көрө албайт. ыныгы сулуулукту Демек, адамдын турмуш жашоосунун бардык курчаган абалы- алардын билим жана эмгеги, чыгармачылыгы, коомдук иш-аракети, эстетикалык-нравалык карым-катышы, достугу, сүйүүсү — чыныгы кооздукту, көрө билип, аны аярлап сактоо ой-пикир аң-сезиминен орун алышы абзел. В. А. Сухомлинский мектепте эстетикалык тарбиялоону туура уюштурууну өз иш тажрыйбасынын кыскача мазмунун төмөнкүдөй деген: «Адам өз колу менен биринчи эмгек куралдарын жасагандыгы менен гана айбанат дүйнөсүнөн бөлүнүп чыгып, бары жокко жөндөмдүү жаныбарга айланган эмес. Ал көк асмандагы мелтиреген түрдүү түстү, жымыңдаган жылдыздарды, танкы күн чыгаардагы адамды магдыраткан кооздукту, бүркөлүп ачылаардагы күндүн манаттай кызарып батышын, мемиреген учсуз, чексиз талааны, мелтиреген көк асмандагы шурудай тизилген каркыралардын учканын, эрте мененки мөлтүрөгөн тунук шүүдүрүмдөгү күндүн чагылышы, күзгү бүркөө күндөгү уй түгүлөп жааган майда жамгырды, байчечекейлердин назик сабагы менен коңгуроо кейиптүү жашыл гүлдөрүн көрө алган. Көрүп, аларга суктануу менен өзүнүн сулуу кооздуктарын жарата баштаган. Сен да ошол сулуулуктарга карап тандана алсаң, сенин жүрөгүндө да сулуулук гүлдөй ачылат. [5]

Баланы өнүктүрүүдө айлана-чөйрөнүн таасир этүү шарттарынын бири –бул ар дайым жанында жакындарынын болушу, алардын иш-аракетине катышуусу саналат. Алар балдардын ишин колдоп стимул мотивация бериш керек. О.э. алардын укуктарын камсыз кылуу менен зарыл болгон материалдар менен каржылап, суроолорго жооп берип, жаңы чөйрөсүн тузүүдө өз сунуш жардамдарын берүүгө тийиш.Анткени, балдар чоңдордун колдоосуна жардамына муктаж.

Музыка аркылуу тарбия берүүдөгү негизги максат- адамды музыка аркылуу кооздукту сезе билүүгө тарбиялоо, биринчи кезекте баланын инсан болуп калыптануусуна багыт берүү. Музыкалык тарбия берүү баланын көркөм дүйнөгө болгон көз карашынын, башкача айтканда эстетикалык маданиятынын фундаменти болуп саналат. Мектептеги курак баланын инсан болуп калыптанышынын эң маанилүү мезгили болуп саналат. Бул учур балдардын ар нерсеге болгон кызыгуусун, чыгармачыл активдүүлүгүн эң алгачкы калыптандыруучу учур болуп, анын андан ары умтулуусуна жол ачат. Музыкалык тарбия берүү аркылуу балдардын руханий жактан жана дене-бой жактан да туура калыптанып, өсүп-өнүгүшүнө шарт түзүлүп, ошону менен бирге психикалык процесстери көңүл буруусу, эске тутуусу, кабыл алуусу, ойлоосу, эс тутуму, кабыл алуусу туура өнүгөт. [4]

Музыкалык билим, тарбия берүү аркылуу, улуттук баалуулуктарыбызды сыйлоого, сактоого, сулуулукка, толеранттуулукка балдарды үйрөтө алабыз. Мектепте, бала-бакчада балдардын курактык айырмачылыктарына дал келген, компетенттүүлүктөрдүн калыптануусуна биз мугалимдер шарт түзүшүбүз зарыл. Мектепте, бала-бакчада балдардын музыкалык маданиятынын калыптандыруу убагында образдуулукка, анын адептик

күчүнө, музыкалык жөндөмдөрдүн өнүгүшүнө, дүйнөлүк искусство жөнүндө маалыматтарга ээ кылууга, музыканын тарыхы, маданияты менен эстетикалык тарбиясын калыптандырып, аң-сезимине сиңирүүгө аракет кылышыбыз керек. Электрондук сабаттуулукка балдарды жетиштирип, шарт түзүп, балдарды жаңы технология менен да кабардар кылуу коомдун милдети б.с. [2]

"Музыка" предметинин максатында белгиленгендей балдардын ааламды, көркөм дүйнөнүн сулуулугун, эмоциялык чөйрөсүн, музыкалык чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, руханий-адептик тарбиясын, эстетикалык табитин музыкалык тарбия аркылуу гана калыпка сала алабыз. [6]

Белгилүү ойчул Ч. Дарвин да кайрадан дагы жарык дүйнөгө келсе аптасына бир нече жолу ыр, музыка угушту эреже кылып аларын, мээсиндеги шал болуп калган бөлүктөрүн сактап калаарын белгилеген. Эстетикалык тарбияга толук кандуу ээ болгон инсан гана өз тилин, дилин жат билип, сактап, коргойт, маданиятын, тарыхын өздөштүрүп, ал элдин өкүлдөрүнө сый урмат, маданий баалуулуктарына аяр мамиле жасайт. Өзүнүн кылган иш-аракети менен айланадагы чөйрөдөгүлөргө тоскоол болуп, жагымсыз кырдаал жаратпоого аракеттенет.

**Адабияттар**


1. Махмутов М.И. Проблемное обучение: Основные вопросы теории / М. И. Махмутов. - Москва : Педагогика, 1975. - 367 с.
2. Давыдов В.В. Теория развивающего обучения. / В.В. Давыдов. - М.: «Интор», 1996. - 46с. Давыдов В.В. Теория развивающего обучения / В. В. Давыдов; Рос. акад. образования, Психол. ин-т, Междунар. ассоц. "Развивающее обучение". - Москва : ОПЦ "ИНТОР", 1996. - 541,[1] с. : ил.; 22 см.; ISBN 5-89404-001-9
3. Сухомлинский В.А. Тарбия жөнүндө. / В. А. Сухомлинский. - Бишкек: "Мектеп" басмасы, 1985. - 268 с.
4. 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү. "Балалык" программасына методикалык сунуштар. - Б.: Аркус, 2017. - 352 с.
5. Бекембай Апыш. Тарбия назарияты / Апыш Бекембай. - Ош, 1996. - 138-б.
6. КР берүү жана илим министрлиги музыка жалпы билим берүү уюмдарынын V-VII-класстар үчүн предметтик стандарт. - Бишкек, 2018. - 22-б.